Негиздеме-маалымкат

Москва районунун прокуратурасынын 2026-жылдын 14-июлундагы № 11/01-26 «Ченемдик укуктук актылардын бузулушун четтетүү жөнүндө» талабын аткаруу максатында, Нарзан айыл өкмөтү тарабынан Ак-Суу айылынын Добровольская көчөсүнүн № 27 дарегинде жайгашкан жалпы аянты 3110,0 чарчы метр жер тилкеси даярдалган.

Аталган жер тилкеси боюнча Москва районунун шаар куруу жана архитектура башкармалыгынын 2026-жылдын 7-октябрындагы № 1122603024 шаар куруу корутундусу алынып, жер тилкеси жети өз алдынча жер тилкесине бөлүнүп, тиешелүү кадастрдык пландар даярдалган.

Жогоруда баяндалгандарды эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын «Балдар жөнүндө» кодексинин 13-беренесинин 1-бөлүгүнүн жана 17-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын «Турак жай» кодексинин 44-беренесинин, 1-бөлүгүнө ылайык тоголок жетим балдарга аталган жер тилкелерин бөлүп берүү маселесин Нарзан айылдык кеңешинин кезектеги сессиясынан карап, макулдук берүүнүздү суранабыз.